# ӨРГӨ КАРАЙ Ө…
# ОРЛОВ…


Биздин чыгармачыл топ акыркы жылдары көз жоосун алган жаратылышына жараша өнүгүп-өсүп бара жаткан Чүйдүн чакан шаарчасын чагылдырыла деп бардык. Ал Кеминдин түштүгүндө жайгашкан Орловка шаары. Өзүңөр билгендей Советтер Союзу кезинде Орловка шаары өндүрүшү өнүккөн дүркүрөгөн шаарча болгон. Андагы кабат-кабат үйлөрдү бомба түшкөндөй талкалап, 20 жылга жакын ташып бүтпөй коюшту. Ишсиз көп улуттуу тургундардын көбү кол шилтеп көчүп кетишкен. Өз турак жайын, касиеттүү туулган жерин таштап кетпеген мекенчил орловкалыктар гана калган эле. Акыркы жылдары алтын кен иштетилип, өндүрүштөр жанданып Орловка шаары баягы статусун калыбына келтирип бара жатат десек болот. Бир жарым жылдан бери Орловка шаарын мэр Койшыбаев Аман Аянович жетектеп, республкада алдыңкы 3 шаардын бири деп аталды.



## ОРЛОВКА ШААРЫНЫН ТАРЫХЫ

Чүй облусунун Кемин районундагы Орловка шаары 1910-жылы түптөлгөн. Биринчи отурукташкан тургундардын урпактары башында "Орелград" деп аталганын айтып келишкен. Шаарчанын аталышынын келип чыгышы боюнча бирдиктүү пикир жок. Кээ бир улуулар бул аталыш «бүркүт» деген суу булагы менен байланыштуу экенин айтышат, бул которгондо «орёл» дегенди билдирет. Ошондуктан «Орловка» аталышы келип чыккан. Башкалары болсо, айылга биринчи жер которуп келген славяндардын ысымынан коюлган деп эсептешет.





## ОРЛОВКАНЫН АЯЛДАМАЛАРЫ, КӨЧӨЛӨРҮ ДА ЖАРКЫРАЙТ

Орловка шаарына Кемин тараптан да, Чым-Коргон тараптан да барган жолдор түптүз асфальт жол. Жол бою Президент Садыр Жапаровдун "Жашыл мурас" демилгеси жакшы ишке ашкан десек болот. Орловка шаарына тигилген көчөттөрдүн 99% өсүп жатканын айтышты. Быйыл да "Жашыл Мурас" улантылып жатыптыр. "Эшигин көрүп төрүнө өт" дегендей аялдамаларынан баштап, көчөлөрүнө чейин күн-түн дебей жаркырайт. Ага лыжа тепкенге барган, жайкысын эс алганга барган коноктор ыраазы болуп айтып келгенин угасың. Ушул иштин баарын Орловка шаардык турак-жай коммуналдык чарба муниципалдык ишканасынын жумушчулары тарабынан жасалып, эң алдыңкы шаарлардын бири болуп турат. Мэр тазалыктын кызматкерлери менен бир үй-бүлөдөй иш алып барганына күбө болдук.



## 200 МИЛЛИОН СОМДОЙ ИНВЕСТИЦИЯ ТАРТЫЛАТ

2025-жылы Орловка шаарына 60 миллион сомдой инвестиция тартылган. 2026-жылы 200 миллион сомдук инвестиция тартып, ири ишканаларды ишке берүү пландары бар экени маалым болду. Ар бирин иш жүзүндө көргөзүп турабыз. Ошолордун бири Орловка шаарынын мэриясы менен кытайлык «Дахуа» компаниясынын ортосунда маанилүү келишим түзүлгөнү. Долбоордун негизинде эски










Бардык версиялардын өз негиздери бар. Факт, 1912-жылы тургундардын жыйынында айылдын атын Орловка деп аташкан. 114 жылдан бери Орловка деп аталат. Орловка айылына биринчилерден болуп Василий Яковлевич Дугинов аксакал көчүп келип, ал колхоздо 70 жашка чыкканча эмгектенген. Ал киши Орловканын кийинки мууну көргөн тарыхый инсаны болуп элеси калды.

Василий Яковлевич 1978-жылы 99 жашында дүйнөдөн кайткан. 94 жашка чейин ал адамдар менен активдүү байланышта болуп, көчүп келгендерин, Орловканын түптөлгөнүн эскерүүлөрү менен кошуп айтып берчү дешет. Орловкага орусиядан көчүп келгендер менен Аджибаев Молдомир, Чикиров Шейшеналы, Туматаев Абдрахман дагы башка үй-бүлөлөр кошо отурукташкан. Азыркы кезде Орловка шаарына биринчилерден болуп отурукташкан кишилердин бала-бакыраларынан саналуу эле калганын, кайра жанданып жакшы шаар болуп келе жаткандыктан ички миграция да көбөйүп, Кыргызстандын булуң бурчунан көчүп келген жарандар ынтымакта жашап жаткан кези экен.

## ОРЛОВКАНЫН БЮДЖЕТИ 160 МИЛЛИОНДОН АШТЫ

Орловка шаарына Аман Койшыбаев мэр болуп келгенден бери 30 миллион сомго бюджети өсүп, 160 миллиондон ашты. Ар бир тыйынына чейин эсептелип, Орловка шаарын эң таза, бак-дарактуу калаа кылуу аракети күч экен. Мэрдин айтымында, элге түшүндүрүү иштерин жакшы жүргүзгөндүктөн көчөлөрдөгү тазалыкты эл өзү көзөмөлгө алып калды. Тартипти сактабаган аймактарга камералар коюлган. Ал видео көзөмөлдүн жардамы менен тартип бузган жарандарга айыптар салынат. Бүгүнкү күндө орловкалыктар көчөлөрүнө таштанды эмес, курулуш материалдарын да таштабай калышты. Таштандыны чыгарып эле койбостон таштанды таштоочу талаадан бөлүп-бөлүп, кайра иштетүүгө даярдай турган чоң долбоор ишке ашат. Ал долбоордун негизги максаты экологияны сактап, таштандыдан пайда табуу. Аман Койшыбаевдин бул демилгесин колдоп, Кемин районун акими Канболот Тутуев өнүктүрүү фонддон каражат бөлүп берээрин да билдирген. Ал таштандыны иштетүүчү жай ишке кирсе Орловка шаарынын эле таштандысы эмес, коңшу айылдардан чыккан таштандылар да экологияга зыян тийгизбегидей болуп иштетилет.












## ОРЛОВКАДА БИЛИМ БЕРҮҮГӨ, МАДАНИЯТКА ӨЗГӨЧӨ КӨҢҮЛ БӨЛҮНӨТ

Орловка шаарындагы эки мектепке, анда иштеген мугалимдерге баардык шарттарды түзүп берип, ондоотүзөө иштерин мэрия алып барат. №1 жана №2 мектептеринин мугалимдери окуучуларды "Окуучулардын республикалык олимпиадасына" жогорку деңгээлде даярдаганы үчүн мэр сыйлыктарды тапшырган. Билим берүүгө эле көңүл бөлбөй, бөбөктөр коопсуз ойнош үчүн заманбап балдар аянтчаларын куруп беришкен. Чоң кишилер да эс алып маданий-эстетикалык ырахат алыш үчүн эски парктарды тазалап, жолдорун оңдоп, муниципалдык кызматка чакан ишкана ачып отургучтарды, урналарды жасатып орнотуп коюшкан. Ал ишкана Орловка шаарына эле темирден буюмдарды жасабастан, башка айыл аймактардан буйрутма алып, кошумча акча табууга жетишип калышты. Союздан калган маданият үйү күнү бүгүнкүдөй иш алып барат. Муниципалдык ишкананын кызматкерлери да маданият үйүнөн кесиптик майрамдарын майрамдашып, мэрдин, Орловка шаардык кеңештин төрагасынын колунан сыйлыктарды алышты. Медицина тармагына да өзгөчө көңүл бөлүнөт.







откананын имараты реконструкцияланып, газобетон блокторун өндүрүүчү заманбап завод ачылат.

Бул демилге Орловка шаары үчүн гана эмес, жалпы республика үчүн да экономикалык жактан пайдалуу жыйынтык берери күтүлүүдө. Жаңы ишкана шаар тургундарын туруктуу жумуш орундары менен камсыз кылып, жергиликтүү бюджеттин кирешесин көбөйтүүгө салым кошот.

Мындан тышкары, «Дахуа» компаниясы курулуш тармагына керектүү пластик терезе-эшиктерди жана темир-бетон буюмдарын да өндүрүүнү пландоодо. Бул ички рынокту сапаттуу курулуш материалдары менен камсыз кылууга шарт түзөт.

Жакынкы күндөрү долбоордун расмий капсула салуу аземи өткөрүлөт. Учурда даярдык иштери активдүү жүрүп жатат.





**Жыйынтыктап айтканда, Орловка шаары акыркы учурда динамикалуу өсүп-өнүгүп келе жаткан шаарлардын бири болуп саналат. Орловка шаарынын мэринин командасы менен аткарып жаткан иштери көптөргө үлгү десек болот. Мэрдин айтымында Орловка шаары өйдөнү көздөй өсүүгө пландуу түрдө бет алды. Мамлекеттик ипотекалык компания аркылуу кабат үйлөрдү курганга жерлерди да даярдап коюшкан. 70 жыл болуп калган таза суу системасы бүт жаңыртылат.**

Азамат ДҮЙШӨНБАЙ уулу





